«ЖАМГЫР, ЖАМГЫР»

Сөзү: Абдыразаков Ильязбек Кубанычбекович

Обону: Абдыразаков Ильязбек Кубанычбекович

Көтөрүп кол чатырың,

Көнөктөп жамгыр төксө.

Көрүнүп калабы деп,

Көчөңдөн күткөм көпкө.

к а й ы р м а:

Азабың тарттым эле,

А, балким, балалыктыр.

Ак басты чачтарымды,

А, сыртта жамгыр, жамгыр

Көктөмдө кеткен бойдон,

Көзүмө урунбадың.

Көл жакка учканыңды,

Көргөндөн угуп калдым.

Канча жаз кезикпестен,

Канча кар бастык экен.

Баары бир эсимдесиң,

Бактылуу болдуң бекен?.